# ТОКТОГУЛДУН ЫРЛАРЫНДАГЫ ЭМОТИВДҮҮ ЛЕКСИКА

**ИСМАИЛОВА ЗИНА**
*КР УИА ага илимий кызматкер*

Эмоция аталышы адамдагы эң татаал кубулуш. Адам объективдүү чындыктагы оң жана терс кубулуштарды, көрүнүштөрдү аң-сезим менен туюп, эмоциялык абалда өзүнүн көзкарашын, мамилесин реалдуу чагылдыра алат (1, 12-бет). Ал бул өз кезегинде эмоциялык тил каражаттарынын, анын ичинде эмотивдүү лексиканын пайда болушуна алып келет, т.а. адам өзүнүн жеке көз карашын, ички туюу-баамдоолорун сырткы чөйрөгө же же болбосо белгилүү бир объектиге сөз менен жеткирет. Демек, эмоция, эмоциялуулук түшүнүктөрү баары биригип келип эмоциялык лексиканын калыптанышын шарттайт (3, 14-бет).

Адамдын эмоционалдык сезими канчалык татаал болсо, тилдин эмотивдик-экспрессивдик каражаты да ошончолук ар түрдүү. Тил каражаттары аркылуу адамдар өздөрүнүн ойлогон оюн, эркин, максатын, каалоосу, сезимин ж.б. толуп жаткан эмоционалдык абалын билдире алышат. Ал эмоциялык-психологиялык абал тилдин коммуникативдик түзүлүш аркылуу ишке ашат. Эмотивдүү сөздөр жаратылыштык көрүнүштөргө, нерселерге, айтылып жаткан ойго карата болгон сүйлөөчүнүн байкоосун, баамын, сезүүсүн, кабыл алуу мүнөзүн билдирген сөздөр болуп, сүйлөмдүн мазмунуна ар түрдүү мүнөздөгү экспрессивдик эмоционалдык маани кошот.

Эмотивдүү сөздөр мааниси жагынан абдан көп жана бай экени белгилүү. Алардын ичинен терс эмоцияны билдирген сөздөр көп маанилүүлүгү белгилүү, о.э. терс кырдаалды жаратып, бири-биринен маанилери боюнча айырмаланып турушат. Эмотивдүү сөздөрдүн табияты сүйлөөчүнүн, жазуучунун жеке кеп маданиятынын өнүккөндүгү, т.а. тилдик бирдиктерди орду менен колдонуусу аркылуу аныкталат. Ошондон улам терс маанидеги эмотивдүү сөздөр эң татаал тилдик факты б.с.

Терс эмоцияны туюнткан тилдик бирдиктер бир нече маанилик топторго бөлүнөрү белгилүү. Биз кайгы маанисин Токтогулдун ырларынын негизинде анализдөөгө аракет жасайбыз .

Негизинен ажырашуу, өлүм, көңүл калуу, иренжүү жана мүдөөсү ишке ашпоо өңдүү факторлор кайгы эмоциясын жаратат. Кайгы эмоциясы даана байкалган мимика менен мүнөздөлөт жана капа болуу (грусть), муңаюу (уныние), жылдызы түшүү жана көңүлү чөгүү (хандра) катары баштан кечирилет. Кайгы эмоциясы коммуникациялык, мотивациялык жана эмпатияны жаратуу милдеттерин аткарат жана адамдын турмуш агымын акырындатып, аны артына кылчайтып каратат.

Терс эмоцияны билдирген тилдик каражаттар Токтогулдун ырларында терс маанилерди туюнтуу, чындыкты так жана элестүү берүү максатында пайдаланылат. Биз терс эмоцияны туюнткан тилдик бирдиктердин айрым гана маанилик топторуна топтолдук. Ызалануу мааниси адамдагы кимдир бирөөгө капа болуу, ызалануу же жеке турмушуна жана жалпы эле айлана- чөйрөсүндөгүлөргө наараазы болгон учурундагы жактырбоо, капалануу сезимдерин чагылтат. Бул маанинин түпкүлүгүндө терс маани жатат:наараазы же ыза болуу сезимдери.

М.,Ачкадан өлчү күнүмбү?
Өз элиме жете албай
Өлөр күнүм бүгүнбү?
Көтөрүп баккан Топчубай
Көп эстеп ыйлап жүргөндүр,
Көрөмбү сенин тирүүндү?
Көк чынарда сайраган,
Көрүнөө булбул жан элем,
Көчөдө өлчү күнүмбү?

Жалаа кылып бай-манап,
Жазалуу кылдың башымды.
Көзүмдөн агат мөндүрдөй,
Ким шыпырат жашымды?
«Кеткин» деп кыштак кондурбайт,
Ким билет курсак ачымды?
Ачкадан өлсөм көчөдө,
Ала карга чокуйбу?
Алтындай болгон башымды?
Азапка салып сенделтти,
Анык булбул асылды…
Ыйлап жүрүп өткөрдүм
Ышкылуу өмүр жашымды…, -

деген ыр саптарында акындын нааразы болуу, кимдир бирөөлөрдү жек көрүү, айыптоо, кайгыруу, ыйлоо маанайын билдирет.

Нааразы болуу- кимдир бирөөгө же өз жашоосуна, тагдырына, турмушуна нааразы болуудагы терс эмоция. Нааразы болуу маанисин билдирген тилдик каражаттар кеңири колдонулганы менен башкалардан айырмаланат. Нааразы болуу- капалануу мааниси менен жалпылыгы бирдей. Себеби, бирдей эмоцияны билгизишет (кайгыруу, капа болуу, нааразы болуу). Бирок экөөнүн кызматы эки башка.

М., Жаралдым беле насипсиз?
Кармалып келдим жазыксыз.
Жорго элем жолдон жаңылбас,
Жорток болдум басыксыз.

Туулдум беле насипсиз?
Тутулуп келдим жазыксыз?
Дубанды бузган жорго элем,
Топор болдум басыксыз.

Манаптар сага не жаздым?
Басынып элден адаштым.
Бутумда кишен шалдырап,
Мусапыр болуп жөө бастым.
Кор кылдың, залим, кантейин?
Кошогумдан адаштым.
Капасына түртүп ийгендей
Кайсыныңды талаштым? (Туткун ыры).

Мында капалануу да, кайгыруу да, нааразы болуу да маанилери берилгендиктен, буларды бирдей түшүнүк деп карай албайбыз, себеби мында ар бири өзгөчө маанилерди туюндурат. Жыйынтыктап айтсак, нааразы болуу мааниси бул жерде акындын жашоосун, тагдырын жана нааразычылыгын көрсөтөт.

**Каршы болуу мааниси** адамдын макул эместигин билдирген сезимди чагылдырат. Мындай маанидеги сөздөр так, туура, туруктуу болот, б.а.так сезимдерди билгизет.

М., Эстесем, болуш, жаман иш
Элдин канын сорушун?
Кылбагын, болуш, чырыңды,
Билбейсиң, менин сырымды,
Кожо, молдо, эшендер
Жалган сөзгө сыйынды.
Адиңден ашкан болушсуң,

Кылайсың күндө жыйынды.
(Эшен-калпа)

Ошентип, каршы болуу маанисинде акындын бирөөнүн ишине, пикирине каршы болуусу, ага каршы чыгуусу сыяктуу терс эмоцияны билгизди.

Кыжырдануу мааниси- бул сөздөр өтө эмоциялуу, көркөмдүү болот. Кыжырдануу мааниси жек көрүү сезими менен бирге келет да, жогорку эмоцияны билгизет.

М., Балапандай уйпалап,
Чыгым салып эл жедиң,
Чыркыратып жардыга,
Эч бир теңдик бербедиң.
Жалдыратып жардынын
Жалгыз атын сен жедиң.
Жетим, жесир алсызга
Карабадың, беш каман.
Жетилсин деп жардыны
Санабадың, беш каман. («Беш каман»).

Бул саптарда акындын жек көрүү сезими менен айтылып, эң жогорку терс эмоцияларды билгизет.

**Арман кылуу мааниси**- бул өкүнүү маанисинин жогорку баскычы катары турат. Ал сүйлөөчүнүн ой-максатка жетпей калгандыгына билгизген маани.

Бул мааниде адамдагы аттиң ай деген, же кысылуу сезимдери көрсөтүлөт. Арман кылуу мааниси наараазы болуу маанисине окшоп кеткени менен экөө эки башка сезимдер.

М., Кайгырбай кантип айтайын,
Колума кишен салганын.
Элиме келсем, ашынды
Эзилип жүрөк арманым.
Башкага тийип кетиптир
Башында сүйүп алганым.

Эки көз көрбөй тунарып,
Экинчи кайгы, муң алып.
Энем бар үйдө, балам жок,
Эзилип жүрөк муңайып.
(Токтогул менен Эшмамбет).

Бул ыр саптарында өткөн ишке өкүнүү, акындын арман кылып турган абалы ачык, образдуу туюнтулат. Кыскасы, Токтогулдун ырларында ар бир эмотивдүү сөз ошол мезгилдин өзгөчөлүгүн берүү максатында колдонулган.

## АДАБИЯТТАР


1. Ажыбаева З.А., Зат атооч сөздөрдө эмоционалдык-экспрессивдик манилердин берилиши (А.Жакыпбековдун «Теңири Манас» романынын негизинде); - КДА. - Бишкек, 2003
2. Бабенко Л.Г., Лексические средства обозначения эмоций в русском языке, - Свердловск, 1989.
3. Кошматова Ж.Ж., Т.Касымбековдун «Сынган кылыч» романындагы терс эмоцияны туюнткан тилдик бирдиктердин семантикалык топтору: КДА, - Бишкек, 2011.
4. Токтогулдун чыгармаларынын эки томдук жыйнагы. I том. - Фрунзе.1989
5. Шаховский В.И., Категоризация эмоций в лексико-семантической системе языка, - Воронеж, 1987-193.